КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ

ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНДУК
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЧОН-АЛАЙСКАЯ РАЙОННАЯ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

# БУЙРУК

_____________№________

**Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын аппаратынын “Ишеним телефону” жөнүндө**

Жарандардын кайрылууларына ыкчам жооп берүү, Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мекеме-ишканаларда коррупциялык жана башка укук бузуулардын алдын алууга багытталган чараларга жардам берүү, чыңдоо жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын “Ишеним телефону” жөнүндө 2025-жылдын 23-сентябрындагы №52-235 буйругун аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын «Ишеним телефону» жөнүндөгү Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. «Ишеним телефонуна» жооптуу катары Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын кадрлар, документти камсыздоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандардын арыз даттануулары жана мамлекеттик сыйлыктар менен иш алып барган жетектөөчү адиси бекитилсин.
3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жалпы мекеме-ишканалар «Ишеним телефондорду» колдонууга киргизүү менен тийиштүү Жобосун иштеп чыгып бекитишсин.
4. Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын «Ишеним телефону» жөнүндөгү Жобону бекитүү тууралуу 2024-жылдын 26-февралындагы №01-16/30 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.
5. Бул буйруктун аткарылышы боюнча маалымат ар кварталдын жыйынтыгы менен отчеттук мезгилден кийинки айдын 3нөн кечикпестен Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясына берилип турсун.
6. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси З.Шакировго жүктөлсүн.

**Аким** **М.Шамыркανов**

**Макулдашылды:**
Аппарат жетекчи З.Шакиров

Башкы адис (юрист) Ж.Нуруллаев

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ O182, 06.10.2025 Кол койгон: Шамыркaнов М.Т.